КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2026-жылдын 08-июль №43 Барскоон айылы

## “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасына акча каражаттарын бөлүү жөнүндө

Муниципалдык ишкананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесин, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесин, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесин жетекчиликке алып, “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т.Маданбековдун кайрылуусун карап жана талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасына айыл аймак боюнча коомдук жайлардын жана социалдык объектилердин, ошондой эле айыл аймакта жайгашкан ишкерлик менен алектен физикалык жана юридикалык тараптардын таштандыларын чыгаруу иштерин алып баруу жагы милдеттендирилсин.
2. Таштандыны чыгаруу кызматынын тарифи кубуна 458 сом өлчөмүндө бекитилсин.
3. “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын кайрылуусу канагаттандырылсын жана 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинде “Күтүлбөгөн чыгымдарга каралган” 1 000 000 (бир миллион) сомдон жана “Долбоорлоо-сметалык документацияларды жасатууга (ПСД) каралган суммадан 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты багытын өзгөртүү менен муниципалдык ишканага бөлүнүп берилсин.
4. Аталган акча каражаттары “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасына максаттуу субсидия түрүндө төмөнкү муктаждыктарга багытталсын:
   - Муниципалдык социалдык объектилердин жана көл жээгиндеги таштандыларды чыгарууга – 1 051 000 (бир миллион элүү бир миң) сом;
   - Барскоон айыл аймагын тазалоого жана башка чарбалык иштерге – 200 000 (эки жүз миң) сом.
5. Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго төмөнкүлөр тапшырылсын:

- Бөлүнгөн акча каражаттарын “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын эсептешүү эсебине өз убагында которулушун камсыз кылсын.
- Бөлүнгөн акча каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына катуу көзөмөл жүргүзсүн.

6. “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т.Маданбековго бөлүнгөн каражаттардын өздөштүрүлүшү тууралуу аткарылган иштердин актыларын жана каржылык документтерди тиркөө аркылуу отчетту Барскоон айыл өкмөтүнүн бухгалтериясына белгиленген мөөнөттө тапшыруу жагы милдеттендирилсин.
7. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
8. Жергиликтүү кеңештин жоопту катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
9. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, каржы-экономикалык жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына (А.Букаров) тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска